УДК 378:81 '1

Абдыкеримова А.Э.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЭРТЕ БАЛАЛЫК КУРАКТАГЫ БАЛДАР КЕБИНИН СПЕЦИФИКАСЫ

*Макалада эрте балалык курактагы автономдуу кептин спецификасы, фонологиялык, грамматикалык, лексикалык өзгөчөлүктөрү кыскача сыпаттоого алынат.*

Бүгүнкү күндөгү жалпы тил илиминин өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө ылайык, улуттук тил илимибизде тилди когнитивдик, коммуникативдик аспектилерден полипарадигмалык планда изилдөө тенденциясы өнүгүүгө ээ болгону байкалууда. Тил система жана структура катары салттуу лингвистикалык сыпаттоолордун алкагынан чыгып, тил илиминин өзүнүн чегинде да, анын башка илимдер жана илим тармактары менен (мис., дидактика, психология, этнография, адабият таануу, социология, математика ж.б.) кесилишкен чектеринде ар тараптуу иликтөөлөргө алынып жатат. Албетте, мындай көп жактуу изилдөөлөр кыргыз тилин синхрондук өңүттө иликтеп-үйрөнүүгө, улуттук тил илиминин өнүгүшүнө өбөлгө гана болору шексиз.

Ошентсе да лингвистикалык планда маргиналдык (негизги эмес, кошумча, четкерээк орун алган) системалар катары каралган айрым көрүнүштөргө анча көңүл бурулбай, иликтеп-талдоого алынбай келе жатканы да белгилүү. Мындай көрүнүштөргө балдардын (автономдуу) кеби, жаныбарларга карата айтылган сөздөр, кептеги термелүүлөр ж.б. киргизүүгө болот. Адатта, бул сыяктуу маргиналдык системалар боюнча учкай, тийди-качты изилдөөлөр тилди синхрондук сыпаттоодогу тигил же бул маселеге байланыштуу лингвистикалык кызыкчылыктан гана жүргүзүлүшү мүмкүн: алар тилдин «нормалдуу» системасында орун албаган элементтер же формалардын кездешүүсү, тил системасында орун алган элементтердин өзгөчө жайгашуусу же жыштыгы ж.б. жагдайлар менен мүнөздөлөт. Ал эми айрым учурда жогоркудай өзгөчө системалар тилди өздөштүрүү же анын кызмат аткаруусунун маселелери менен байланыштуу психологиялык көз караштан иликтөөгө алынып жүрөт.

Биз бул макалабызда тилдик маргиналдык системалардын бири болуп саналган балдардын автономдуу кеби тууралуу азын-оолак сөз кылмакчыбыз. Ириде, тил илиминде балдардын кеби жана балдардын автономдуу кеби деген түшүнүктөр бар экенин көрсөтө кетүү абзел. Жалпысынан алганда, бул эки түшүнүк бирдей эле маани-мазмунду туюндурат. Бирок алардын жалпылыгы менен катар айырмачылыгы да бар. Балдардын кеби – кептин онтогенездик өнүгүүсүнүн өзгөчө этабы, мектепке чейинки жана кенже мектеп курагындагы (8-9 жашка чейин) балдардын кеби катары аныкталат. Балдар кебинин өзгөчөлүктөрү болуп: тилдик белгилердин формасынын детерминизми, чоңдордун кебине салыштырмалуу табыш тууроолор менен элестүү сөздөрдүн көп болушу, регулярдуу эмес формаларды регулярдуу моделдер боюнча колдонуу, окказионалдык сөз жасоолор, лексемаларды колдонуунун диффузиялуулугу, номинациядагы жалпылоолор саналат. Мындай өзгөчөлүктөр балдардын ой-жүгүртүү өзгөчөлүгү жана жалпылоо деңгээлинин башкачалыгы менен түшүндүрүлөт [4: 131].

Ал эми балдардын автономдуу кеби балдардын кебинин өзгөчө, башталгыч этабы болуп саналат. Ал – кептик жамаат тарабынан кадыресе нормалдуу баарлашуу эмес, кичинекей балдар менен баарлашуу үчүн жарактуу болуп кызмат кылган тилдик өзгөчө форма же подсистема. Балдарда автономдуу кеп, болжол менен, 9-10-айынан баштап пайда болот, баланын өнүгүүсүнүн индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүнө жараша 2–2,5 жашка чейин колдонулат. Автономдуу кеп өзүнө интонациялык белгилерди, тилдик бирдиктердин өзгөчө модификацияларын жана спецификалуу лексикалык бирдиктердин топтомун камтыйт. Спецификалуу лексикалык бирдиктер, адатта, ар кайсы тилдер боюнча орточо алганда 25тен 60ка чейинки чекте болорун изилдөөчү Ч.Фергюсон көрсөткөн [5:435]. Аларга тууган-туушкандыкты билгизген бирдиктер, аппелятивдик аталыштар, дене мүчөлөрүн жана алардын функцияларын билдирген сөздөр, айрым жөнөкөй сын-

сыпат сөздөр (мис., жакшы, жаман, кир, ысык, муздак ж.б.) жана жаныбарларга, балдардын оюнчуктары менен оюндарына байланыштуу сөздөр кирет. Мисалы, кыргыз тилиндеги балдардын автономдуу кебинде *чу(ү)-чу(ү)* деген форма атты, *б(п)ип-иип* же *тү-түүт* формалары машина түшүнүгүн, ал эми *быкый* – жаман, кир деген түшүнүктү туюндурарын күндөлүк турмушубуздагы байкоолордон билебиз.

Балдардын автономдуу кеби тилдин «табигый» каражаттары аркылуу эле реализацияланат, бирок бардык жерде тең балдар тарабынан инстинкттик түрдө пайда болгон универсалдуу мүнөзгө ээ эмес, демек, балдар кебинин бирдиктери универсалдуу болбойт. Ал ошондой эле чоңдор балдардын сүйлөгөнүн тууроонун натыйжасында келип чыккан кептин эфемердүү формасы катары да каралбайт. Балдардын автономдуу кеби башка маргиналдык системалар, мис., жаныбарларга карата айтылган (чакыруу же кубалоо) формалар сыяктуу диффузия моделине ээ: бул түрдөгү кептин айрым окшош бирдиктери генетикалык байланышка ээ эмес, бирок карым-катыш, контактыдагы тилдерде кездешүүсү мүмкүн. Мисалы, кыргыз тилиндеги балдардын автономдуу кебиндеги тамак, тамак ичүү түшүнүктөрүн туюндурган *ням-ням*, итти туюндурган *ав(у)-ав(у)* формалары орус тилинде да *ням-ням, гав-гав* формаларында берилет. Же болбосо «жаман, кир» маанилерин туюнткан *кы(и)х [*kix] формасы көпчүлүк тилдердеги балдар кебинде бар экени белгилүү.

Адатта, чоң кишилер балдарды автономдуу кептин көпчүлүк бирдиктерине атайын үйрөтүшөт деген көз караш бар. Бул көз карашка күндөлүк турмуштук байкоолор негиз берет. Мисалы, чоңдор кичинекей балага ат *чу(ү)-чу(ү)*, ит *ав-ав*, кир, жаман *быкый,* таттуу *бопо* экенин айтып кайталашат, бала анын негизинде бул сөздөрдү өз варианты (версиясы) менен айта баштайт. Демек, чоң кишилер даяр материал берүү менен, балдардын автономдуу кебине башталма түзүп берери жөнүндөгү пикирди жөндүү деп эсептөөгө болот. Ырас, кээде чоң кишилер балдардын кебиндеги тигил же бул бирдикти имитациялап, ал үй-бүлөдө калып алып калган учурлар болот. Ал эми кээде балдардын автономдуу кебинин бирдиктери кадыресе кептин имитациясы да болушу ыктымал. Айрым учурларда болсо балдардын автономдуу кебинин бирдиктери башка кырдаалдарга да колдонулушу мүмкүн, маселен, кимдир бирөөнү тууроо, шылдыңдоо, жинденүү кырдаалдарында. Кээ бирде балдардын автономдуу кебинин бирдиктери кадыресе тилде шайкештикке ээ эмес, анткени балдар үчүн гана спецификалуу болгон ишмердүүлүккө же предметке тиешелүү болот. Мисалы, балдардын алакан чабышып ойногон жуптук оюнундагы *«зуба-зуба-зуба, зуба дони-дони я. А шарли буба, шарли буба»*, азыркы күндөрдөгү балдардын «карточка» оюнунда колдонулган *«чики, брики, брок», «эн-на, бен-на, сыч»* ж.б. формалар. Эч кандай маани туюндурбаган тыбыштардын комплекси катары каралган мындай формалар оюндун, кыймыл-аракеттин ыргагына ылайык келип айтылат, аларды да балдардын автономдуу кебинин бирдиктери катары кароого болот. Булар сыяктуу тыбыштык формага ээ, бирок маани-мазмунга ээ эмес бирдиктер кыргыздын айрым ырым-дарымдарында, орус поэзиясында В.Хлебников, В.Крученых сыяктуу символисттердин чыгармаларында кездешкенин, алар да, негизинен, ыргактык-мелодикалык максатты (балким, тилдин, сөздүн көмүскө магиялык кудурет-күчү, сыры менен да байланыштуу болушу ыктымал) көздөгөнүн эске сала кетүү ашыкча болбойт.

Балдардын автономдуу кеби тилдик ар бир жамаатта балдардын грамматикалыкка чейинки сөздөрүнүн атайын булагы катары кызмат кылып, балдарга өнүгүүсүнүн ушул этабында, башкача айтканда, эрте балалык куракта өзгөчө бирдиктерди түзүүгө мүмкүндүк берет. Алар кадыресе тилдеги бирдиктерди жана грамматиканы өздөштүргөндөн кийин четке сүрүлүп, унутулуп калат. Бул балдардын автономдуу кебинин биринчилик же баштапкы функциясы болуп саналат. Мындай функция кичинекей балдарга кайрылуудан сырткары, үй ичинде багылган жаныбарларга кайрылууда, чоң кишилердин өз ара баарлашуусунда кээде «ымыркай менен мамиле» кырдаалы түзүлгөндө да реализацияланат.

Балдардын автономдуу кебине үч түрдөгү материалды киргизүүгө болот: 1) баланын кебин коштогон интонациялык жана паралингвистикалык кубулуштар;

2) нормалдуу тилдик көрүнүштөрдүн модификациялары болгон морфемалар, сөздөр жана конструкциялар; 3) балдардын автономдуу кебине гана мүнөздүү болгон спецификалуу лексикалык бирдиктер.

Булардын ичинен интонациялык белгилер тууралуу кеп кылганда, негизги тондун бир кыйла жыштыгы, белгилүү бир мелодикалык контурлардын орун алышы, эриндешүү (лабиализация) сыяктуу көрүнүштөрдү айтууга болот. Алар Ammenton деген термин менен белгиленерин Ч.Фергюсон көрсөткөн [5: 426].

Ал эми балдар автономдуу кебинин фонологиялык мүнөздөмөлөрү тууралуу төмөнкүлөрдү айтууга болот. Кептин бул спецификалуу түрүнө жарылма, мурунчул (б, п, м, н) үнсүздөрдүн басымдуулугу, үндүүлөрдүн чектелген тобу мүнөздүү; сөздөр CVC, VCV, CVCV(C) структурасына ээ болуп, көп учурда тыбыштардын редупликациясы байкалат. Кичинекей балдардын артикуляциялык аппараты али толук жетиле электигине байланыштуу айрым тыбыштарды алмаштырып айтуу да мүнөздүү. Мисалы, дирилдеме *р//й,л*, сейрек *д* тыбыштарына; *ч//ш,с*; *ш//с*; *с//ш* ж.б. Ошондой эле айрым каткалаң тыбыштарды, өзгөчө, *т* тыбышын жумшак *д* түгөйүнө алмаштырып же жумшартып *дь*, *ть* айтуу да арбын кездешет, мисалы, *ата – атьа//адьа.* Кээде бир эле тыбыш же анын кайталанып, кабатталып айтылышы да бирдик катары каралып, маани туюндурат. Мисалы, *з-з-з* – аары же чымынды, *а-а-а* (өзгөчө мелодика менен айтылат) – ыйлоону билдирет. Сөздүк бирдик ичинде метатеза көрүнүштөрү да орун алат. Бул сыяктуу өзгөчөлүктөргө карабастан, балдардын автономдуу кебинин бирдиктери тилдин фонологиялык системасына шайкеш келерин айта кетүү абзел.

Ал эми грамматикасы кадыресе тилдин грамматикасы менен коошпогон учурлар арбын. Балдардын автономдуу кебине адегенде зат атоочтор мүнөздүү болуп, алар акырындап этиш, сын атоочтор менен толукталат. Зат атоочтор баланы курчаган конкреттүү предметтик түшүнүктөрдү гана туюндурат. Белгилей кетүүчү нерсе, кадыресе тилде тууранды же сырдык сөздөр катары каралуучу бирдиктер балдардын автономдуу кебинде зат атоочтук мааниге ээ болгону учурайт. Мисалы, *чу(ү)-чу(ү)* – ат, *мы(и)й-мы(и)*й – мышык, *ав-ав* – ит, *маа* – кой, *мөө* – уй, *чип-чийп* – жөжө, *тах-тах* – оюнчук курал (мылтык, пистолет) ж.б. Кыргыз тилиндеги балдардын автономдуу кебинде кичирейтүү, эркелетүү маанисин туюндурган суффикстер аз кездешери байкалды.

Ошондой эле балдардын автономдуу кебинин бирдиктери көбүнчө кош сөз, өзгөчө, кайталанган кош сөз формасына ээ экени байкалат*: ням-ням* – тамак, тамак ичүү, *ня-ня же ньа-ньа* - нан, *кичи-кичи* – берчи, *ко-ко* – тоок, *кух-пиш-ш* - уктоо ж.б. Айта кетүүчү нерсе, балдар кебиндеги кайталоолордун семантикалык-функционалдык, стилистикалык ролу тууралуу изилдөөчү Г.Кожоеванын эмгегинде азын-оолак кеп козголуп кеткен [2].

Кептин бул түрүндө айрым түшүнүктөрдү туюндуруунун синонимдик формалары да кездешет, маселен, машина, автомобиль түшүнүгүн туюндурууда *п(б)и-пиип, б(в)уум, тү-түүт* формалары, кичинекей баланы билдирүү үчүн *өлай, ляля*, жаман, кир түшүнүктөрү үчүн *кака, быкый, ляк, кы(и)х, үф-ф, фу* формалары ж.б. кызмат кылат.

Балдардын автономдуу кебинин синтаксиси да өзгөчө мүнөзгө ээ. Анын алгачкы этабында ойду туюндуруу үчүн бир сөздүү, кийинчерээк эки сөздүү сүйлөмдөр кызмат кылат. Бир сөздүү сүйлөмдөр, негизинен, зат атоочтон уюшулуп, ишарат, ымдоо-жаңсоо жана интонация менен коштолуу аркылуу кандайдыр бир жөнөкөй маани-мазмунду туюндуруп бере алат. Мисалы, *Ням-ням* деген бир сөздүү сүйлөм аркылуу наристе курсагы ачканын, *Пис-с* же *Пис-пис* сөз-сүйлөм аркылуу табигый муктаждыгын билдирет.

Балдар автономдуу кебинин өнүгүшүндөгү кийинки баскыч болгон эки сөздүү сүйлөмдөр сөздүк предикаттын пайда болуусун, ошондой эле балада айтымды же оюн конструкциялоо жөндөмүнүн пайда болушун көрсөтөт. Алар көбүнчө «зат атооч+этиш», «зат атооч+ сын атооч», «зат атооч+бар» же «Зат атооч+ жок» конструкцияларындагы эки составдуу сүйлөмдөр болот. Маселен, *Өлай кух-пиш-ш* – Бала уктап жатат (уктайт же уктады), *Ля-ля аяй* – Бала жакшы, *Ав-ав ням-ням* – Ит тамак жеди ж.б. Мындай сүйлөмдөр «телеграф стили» деп аталары балдардын кеп ишмердиги, курак психологиясы боюнча

эмгектерден белгилүү [1], [3] ж.б.

Демек, балдардын автономдуу кеби төмөнкүдөй спецификага ээ экенин белгилөөгө болот. Кептин бул түрүндөгү бирдик (тыбыш) фонологиялык жактан кадыресе тилдеги бирдикке толук дал келбейт; автономдуу кептин бирдиги (сөз) лексика-семантикалык жактан айырмаланат; балдар автономдуу кебинин бирдиктеринин маанисин түшүнгөн адам гана бала менен байланыш түзө алат. Бул, бир жагынан, бир тилдик жамааттын чегинде бир кыйла вариативдүүлүктү жаратат, экинчи жагынан, генетикалык карым-катыш, байланыштар бар же жок экенине карабастан, тилдик чектерди бузуп өтүп, оңой диффузиялануу тенденциясына ээ. Ошондой эле балдардын автономдуу кебинин каалаган системасы спецификалуу сөздүктүн көлөмү жана вариативдүүлүк диапазону аркылуу мүнөздөлөт.

Балдар кебинин өнүгүүсүнүн кийинки баскычтарында болсо лексикалык запас кеңейип, башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү бирдиктерди колдонуу менен, синтаксистик жактан татаалыраак конструкциялар, б.а., 3-4 жана андан көп сөздөн турган сүйлөмдөр аркылуу өз оюн билдире баштайт. Спецификалуу лексикалык бирдиктер кадыресе тилдик бирдиктер менен алмашат, артикуляциялык аппараттын өнүгүшү фонологиялык жактан тыбыштарды, анын натыйжасында сөздөрдү туура айта баштоону шарттайт. 3-5 жаштан тартып балдардын кеби кадыресе кептен же чоңдордун кебинен грамматикалык белгилери жагынан да, лексикалык жактан да, синтаксистик же сүйлөм структурасы жагынан да айырмаланбай калат, демек, балдардын автономдуу кебинин мезгили бүтөт.

Адабияттар:

1. Гвоздев А.Н. Вопросы изучения детской речи. -М., 1961.
2. Кожоева Г. Кайталоону стилистикалык каражат катары сыпаттоо. Фил. ил. канд. диссерт. -Ош, 2012
3. Чолпонкулова Н.Т., Камчыбек уулу Мырзабек ж.б. Курак психологиясы. Окуу куралы. -Бишкек, 2011.
4. Лингвистический энциклопедический словарь. -М., 1990.
5. Фергюсон Ч. Автономная детская речь в шести языках. Кит.: Новое в лингвистике. -М., 1975.